**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТОҢ РАЙОНУ**
**КӨК-МОЙНОК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**КОК-МОЙНОКСКОГО**
**АЙЫЛНОГОАЙМАКА**

---

**Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын**
**VII чакырылышы**

# ТОКТОМ

2023-жылдын 11- майы № 33 — Ак-Өлөң айылы

**Жер аянтын которуу ( трансформациялоо) жөнүндө**

Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын сөздөрүн угуп жана талкуулап, Көк-Мойнок айыл аймагынын айылдык Кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Көк-Мойнок айыл аймагына инвестиция тартуу жана калкты жумуш менен камсыз кылуу, кемпинг куруу максатында Көк-Мойнок айыл аймагынын “Ак-Өлөң бурулуш” участкасынан №236 контурда жайгашкан 412,4 гектар жер аянтынын ичинен 0,50 гектар жайыт түрүндөгү, №236* контурдагы 2,80 гектар башка жерлер түрүндөгү,№223контурдагы 19,6гектар жер аянтынын ичинен 0,50гектар жайыт түрүндөгү, бардыгы 3,80гектар жер аянтын “Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

**2.** Жерди трансформациялоо боюнча иш алып баруу жагы Көк-Мойнок айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

**3.** 3,80 гектар жайыт жер аянтын “Өнөр-жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которуу (трансформация) жагы Тоң райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

**Төрага** — **С. Д. Байбосунов**